УДК: 372.851+51(07)
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/2-200-209

**Бекбоева Т.А.**
ага окутуучу
И. Арабаев атандагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
tbekboeva07@gmail.com

## САБАКТАРДЫ АНАЛИЗДЕП БААЛОО МЕТОДИКАСЫ

**Аннотация.** Билим берүү системасынын негизги максатынын бири болуп, окуучуларга, студенттерге терең, бекем, татыктуу билим берилип, ошондой эле ар бир предметти окуп үйрөтүүдө билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн белгилүү системасы калыптандырылып алардын интеллектуалдык, социалдык, руханий жактан өнүгүүсүнө шарт түзүү болуп эсептелет. Бул максатты иш жүзүнө ашыруу-ар бир сабактын мазмунун, сабактын пландаштырылышын, сабактын методикалык жактан ырааттуулугун, системалуулугун жана алардын ар-түрдүүлүгүнүн жыйынтыктарын ишке ашыруу болуп саналат. Ошондуктан сабакты туура, натыйжалуу уюштуруу менен катар анын жүрүшүн жана натыйжалуулугун талдоо — мугалимдин кесипкөйлүк ишмердүүлүгүнүн маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Бул макалада окуу процессиндеги сабакты анализдөөнүн максаттары, өзү берген сабакты өзү талдаганга коюлуучу суроолордун болжолдуу планы, сабактын этаптарын анализдөө, коплекстүү психологиялык-педагогикалык анализдөөнүн болжолдуу схемасы кыскача каралат. Азыркы билим берүү процессинде сабак – бул мугалим менен окуучунун өз ара активдүү аракеттенүүсүнүн негизги формасы. Ар бир сабакта билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү максаттары тыгыз байланышта ишке ашат. Бирок бул максаттарга жетүү үчүн сабакты терең жана комплекстүү талдоо зарыл.

**Негизги сөздөр:** сабак, сапат, анализ, талдоо, баалоо, сапат, эффективдүү, квалификация, сабакка катышуу, педагогикалык чеберчилик, интенсивдүү, ийгилик, кызматташтык, таанып билүү, ой жүгүртүү.

**Бекбоева Т.А.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
tbekboeva07@gmail.com

## МЕТОДИКА АНАЛИЗА ОЦЕНКИ УРОКОВ

**Аннотация.** Одной из главных целей системы образования является обеспечение учащихся и студентов глубокими, прочными и достойными знаниями, а также формирование определённой системы умений и навыков в процессе изучения каждого предмета, создавая тем самым условия для их интеллектуального, социального и духовного развития. Реализация этой цели предполагает продуманное содержание каждого урока, его грамотное планирование, методическую последовательность и разнообразие используемых форм и приёмов обучения. Поэтому наряду с правильной и эффективной организацией урока, важным направлением

профессиональной деятельности учителя является анализ хода и результативности учебного процесса. В данной статье кратко рассматриваются цели анализа урока, примерный план вопросов для самостоятельного анализа учителем проведённого урока, этапы анализа урока, а также примерная схема комплексного психолого-педагогического анализа. В современном образовательном процессе урок является основной формой активного взаимодействия между учителем и учеником. На каждом уроке в тесной взаимосвязи реализуются задачи обучения, воспитания и развития. Однако для достижения этих целей необходим глубокий и всесторонний анализ урока.

**Ключевые слова:** урок, качество, анализ, оценка, оценивание, эффективность, квалификация, участие в уроке, педагогическое мастерство, интенсивность, успех, сотрудничество, познание, мышление.

**T.A. Bekboeva**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
tbekboeva07@gmail.com

## METHODOLOGY FOR ANALYZING AND EVALUATING LESSONS

**Abstract.** One of the main goals of the education system is to provide students with deep, solid, and meaningful knowledge, as well as to develop a structured system of skills and competencies through the study of each subject. This process creates the conditions necessary for students' intellectual, social, and spiritual development. The implementation of this goal requires well-thought-out lesson content, proper planning, methodological consistency, and diversity in teaching forms and methods. Therefore, along with organizing the lesson effectively, an important aspect of a teacher's professional activity is the analysis of the lesson's progress and effectiveness. This article briefly examines the objectives of lesson analysis, an approximate plan of questions for teachers' self-assessment of their lessons, the stages of lesson analysis, and a suggested framework for a comprehensive psychological and pedagogical analysis. In the modern educational process, the lesson remains the primary form of active interaction between teacher and student. Each lesson integrates the goals of education, upbringing, and personal development in close interrelation. However, achieving these goals requires a deep and comprehensive analysis of the lesson.

**Keywords:** lesson, quality, analysis, evaluation, assessment, effectiveness, qualification, class participation, pedagogical mastery, intensity, success, collaboration, cognition, thinking.

### 1. Окуу процессинде сабактарды анализдөөнүн максаттары

Сабак мугалимдердин жетекчилигинде белгилүү программага ылайык, туруктуу жүгүртмө боюнча, таанымдык тажрыйбасы жана курагы жагынан кескин айырмаланбаган, курамы туруктуу окуучулар тобу менен белгилүү убакыт алкагында уюштурулган окуу ишинин формасы [4, 345-354 бб]. Сабак учурунда окутуу - окуп үйрөнүүнүн коллективдүү жана жеке методдору өз ара тыгыз байланышта колдонулат.
Сабактын сапаты менен анын эффективдүүлүгү мугалимдин эмнени билгендигинен гана эмес, ал өз билимин канчалык деңгээлде колдоно алгандыгына да жараша болот.

Мугалимге үзгүлтүксүз эмгектенип, дайыма окуп, изденип чыгармачылык менен иштөө сунушталат. Ошондуктан мугалимди кээде адамдарга өмүр отун алып келген

Прометейге, же өзүнүн жүрөгүн арнаган Данкого теңештириши бекеринен эмес. Алар өздөрүнүн окуучуларын талыкпаган эмгекке, күн сайын окууга, жетишкен ийгиликтер менен чектелип калбоого, кыйынчылыктардан коркпой жеңе билүүгө үйрөтүшөт, тарбиялашат жана окуучулардын көңүлүндө адамдык аябагандай мыкты сапаттарды өстүрүп, калыптандырышат. Мугалимдин чеберчилиги көп учурда өзүнүн жана башкалардын кетирген каталарын анализдей билүүсүнөн көз каранды. Мунсуз мугалим педагогикалык чеберчиликке жетише албайт же кечигип жетишет [2, 160 б.].

Сабагын дайыма изденип, өркүндөтүп туруу менен мугалим кыска убакытта чоң ийгиликке жетишип, мыкты, чыгаан адис болуп чыгышына мүмкүндүк түзүлөт.

Сабакты анализдөө - бул окутуу процессинин сапатын жогорулатуу үчүн жүргүзүлүүчү рефлексиялык жана методикалык иш-аракет. Заманыбыздын билим берүү системасы мугалимден жогорку деңгээлдеги кесиптик компетенттүүлүктү, чыгармачылыкты, изденүүнү, педагогикалык чеберчиликти жана өз ишине аналитикалык мамиле жасоону талап кылат. Мугалимдин ишмердүүлүгүндөгү эң маанилүү нерсе - бул сабактын сапатын анализдөө жана өз ишине баа берүү жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Өз ишин анализдөө – квалификацияны жогорулатуунун эң ишенимдүү, эң маанилүү жолдорунун бири экендиги тажрыйбадан улам белгилүү. Кесиптештердин сабактарына катышуу абдан пайдалуу. Мугалим канчалык деңгээлде кесипкөй, мыкты болуп, көптү билем, сабакты мыкты, жогорку деңгээлде өтөм деп ойлосо дагы, өзүнүн жана өңгө мугалимдердин сабагын анализдөө анын билими менен билгичтитерин бекемдери бышык.

Сабактарды анализдөөнүн мааниси. Сапаттуу сабак дайыма терең, жакшылап ойлонуштурган план түзүүдөн башталат. Сабакты анализдөө мугалимге өзүнүн ишмердүүлүгүн объективдүү баалоого, кемчиликтерди аныктоого жана кийинки сабактарды жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет. Анализ учурунда мугалим сабактын максаттары канчалык деңгээлде ишке ашканын, окуучулардын активдүүлүгү кандай болгонун, колдонулган методдордун жана каражаттардын натыйжалуулугун баалайт. Сабакты анализдөө татаал жумуш. Анын сапаты көп факторлордон, эң оболу мугалимдин дидактикалык билимдеринин деңгээлинен, өз иш аракеттеринин чыгармачылык менен терең ойлонулуп талдай билгенинен, анын жөндөмдүүлүгүнө жана мыкты адис болууга аракет кылышынан көз каранды.

Сабактын мазмунун анализдөөдө эмнелерге көңүл буруу зарыл. Бул болсо мугалимден сабакты даярдоодо өтө дыкат, терең, так ойлонулган, чыгармачылык менен даярдалган олуттуу даярдыкты талап кылаарын айгинелейт. Ошентип, өзүнүн жана өзгөлөрдүн тажрыйбасын жакшылап анализдөө жана керектүү адабияттарды изилдеп, үйрөнүп, өзүнө пайдалануу гана кесипкөйлүктүн, чеберчиликтин, устаттыктын бийик чокусуна алып барышы мүмкүн. Демек, сабактарды анализдөөдө мугалимдер өздөрүнө төмөнкүдөй маалыматтарды алышат. Анализ жыйынтыгы мугалимге окуу процессин жакшыртуу боюнча так сунуштарды берет. Сабакты талдоо аркылуу мугалим өзүнүн жетишкен жана жетишпеген жактарын билип, педагогикалык чеберчилигин өнүктүрөт. Сабак анализи тажрыйба алмашуунун негизги формасы болуп саналат. Сабактагы активдүүлүк, түшүнүү деңгээли жана өз алдынчалык мугалим менен студенттердин биргелешкен иш аракети анализ учурунда баяндалат жана бааланат.

Сабактарды анализдөөдө төмөндөгүдөй максаттарды көзөмөлгө алса болот.

1. Сабак окуучулардын жана студенттердин ишмердүүлүгүн үйрөнүүнүн бирден бир каражаты болуп саналат. Алардын билим, билгичтик көндүмдөргө ээ болуу абалын жана

окутуунун сапатын текшерүү максатында бул иш кээ бир учурда максаттуу тематикалык планда жүргүзүлөт. Ар бир сабак белгилүү бир дидактикалык, тарбиялык жана өнүктүрүүчү максаттарга ээ. Анализ учурунда бул максаттар кандай деңгээлде аткарылганы каралат. Мисалы төмөндөгүдөй проблематикалар сабакка кирүү жана аны анализдөөнүн объектиси болушу мүмкүн:

- алардын окуп үйрөнүүгө карата мотивациясын үйрөнүү;
- алардын сүйлөө, оозеки речин, логикалык ойлоо сезимин өнүктүрүү;
- табийгый математикалык закондорду, теорияларды үйрөнүүнүн абалы;
- алардын сабакка болгон кызыгуусу;
- сабакка болгон активдүүлүгү;
- үй тапшырманы аткаруудагы жоопкерчиликтери, тырышчаактыктары ж.б у.с.

2. Мугалимдерге методикалык көмөк көрсөтүү аркылуу анын чеберчилигин арттыруу. Сабактарга кирүү жана аны анализдөөнү мугалимдин ишин текшерүүнүн баалоонун, анын негизинде оң жана терс чечим кабыл алуунун гана каражаты катары кароого болбойт б.а. мугалим колдонгон технологиялар, окутуу формалары, методдор окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу, активдүүлүгү, аракеттери, берилген суроолорго жооп берүүсү, жоопкерчиликтери боюнча сабакты өздөштүрүүсүнө кандай таасир эткени бааланат.

Мындан тышкары, сабактарды анализдөөдө төмөнкү багыттар да маанилүү ролду ойнойт:

**Окутуунун сапатын жогорулатуу:** Анализ жыйынтыгы мугалимге окуу процессин жакшыртуу боюнча так сунуштарды берет.

**Мугалимдин кесиптик өсүшү:** Сабакты талдоо аркылуу мугалим өзүнүн жетишкен жактарын жана кетирген кемчиликтерин билип, педагогикалык чеберчилигин өнүктүрөт.

**Методикалык иштин негизги булагы:** Мектепте, методикалык бирикмелерде жана жогорку окуу жайларда сабак анализи тажрыйба алмашуунун негизги формасы болуп саналат.

**Окуучулардын жетишкендигин аныктоо:** Сабактагы окуучулардын активдүүлүгү, түшүнүү деңгээли, логикалык ойлонуусу, өз алдынчалуулугу, окуучулардын интеллектуалдык өнүгүшү, окуу ишмердүүлүгү жана окуучулардын сабак учурундагы бири – бирине болгон өз ара жардамдашуусу жана кызматташтыгы анализ учурунда бааланат.

Эми сабак анализинин бир нече түрүн белгилейли.

**Толук (комплекстүү) анализ.** Комплекстүү талдоодо аты айтып тургандай эле сабактын бир да аспектиси четте калбайт. Сабактын бардык компоненттери — максат, мазмун, метод, натыйжа ж.б. чогуу комплекстүү каралат.

**Тематикалык анализ.** Белгилүү бир маселе же метод боюнча талдоо жүргүзүлөт (мисалы, интерактивдүү методдордун колдонулушу).

**Кыскача анализ.** Сабактын негизги жыйынтыктары жана кемчиликтери гана белгиленет.

**Өзүн-өзү анализдөө.** Мугалим өзү сабакты өткөргөндөн кийин өз ишин рефлексиялык негизде талдайт.

**2. Өзүн-өзү анализдөө сабагына коюлуучу суроолордун болжолдуу планы**

Өз сабагын өзү талдоо - бул өзү өтө турган сабагынын маанисин, маңызын терең ойлонуп, түшүнүп, аңдоонун негизинде аткарылган иш аракеттери, өзү максат кылып пландаштырган иштер менен жетишилген натыйжаларды салыштыруу аркылуу сабактын соңку натыйжаларына карата өз баасын берүү болуп саналат. Өз сабагын өзү талдоо (өзүн-өзү анализдөө) — бул мугалимдин профессионалдык рефлексиясынын формасы болуп саналат. Өз сабагын өзү талдоодогу сабактын максаттары, мазмуну, методдору, технологиялары, сабактын

ырааттуулугу, окуучулардын активдүүлүгү, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу, жоопкерчилиги жана сабактын жыйынтыгы боюнча терең ой жүгүртүүгө шарт түзөт. Мындай иш-аракет ага өзүнүн жетишкен жана жетишпеген жактарын аныктап, бул сабакта кетирген мүчүлүштүктөрдү кийинки сабактарда кетирген каталарды оңдоого маанилүү маалымат берет. Анализделип жаткан сабактын маңызын, маанисин терең ачып көрсөтүү андан ары өркүндөтүү, керек учурда кайрадан өзгөртүп түзүүдө сабакты анализдөөчү да олуттуу активдүүлүктү көрсөтүшү зарыл. Ошондуктан сабакты анализдөөгө алган аналитик эң биринчи иретте мугалимдин окуу процессин уюштурууда жогорку мыйзам ченемдүүлүктөрдү канчалык деңгээлде жетекчиликке алганын кылдат көзөмөлгө алуусу зарыл. Аналитик пассивдүү байкоочу катарында аракет жасаса, анда ал мугалимге эч кандай методикалык көмөк көрсөтө албайт.

Өтүлгөн сабактын маанисин – маңызын, жетишкен жана жетишпеген жактарын жеткиликтүү, тереңирээк, так ачып көрсөтүү үчүн аналитик мугалим анын үстүнөн активдүү ой жүгүртүшү керек. Сабактын маани – маңызы анын болгон негизги компоненттеринин арасындагы өз ара тыгыз байланышы аркылуу аныкталат. Негизги компоненттерге математиканы окутуунун максаттары, мазмуну, методдору, формалары жана каражаттары кирет. Ошол себептен көпчүлүк учурда сабакты талдоодо анын курамдык бөлүктөрүнүн бири-бирине болгон өз ара байланышын, көз карандылыгын ачып көрсөтүүгө көңүл бөлүнөт. Сабактын маани – маңызы система катары дал ушундай жол менен гана аныкталат. Сабактын соңку натыйжасы, жыйынтыгы майнабы да ушул иш аракеттерге жараша болот.

Өз ара иш аракеттердин жана өз ара байланыштардын терең себеп-натыйжаларын аныктоо сабактарда орун алган дидактикалык кубулуштарды, фактылырды түшүнүүгө жардам берет. Соңунда аналитик сабакта туюп сезгенин, уккан көргөнүн, байкап аңдаганын кайрадан көз алдына элестетип, сабактын өзөктүү өзгөчөлүктөрүн, фрагменттерин, жетишкендиктерин далилдеп жыйынтыгын чыгарып, чечим чыгарып мүнөздөп бериши зарыл. Сабакты анализ жасаган инсан анын маңызына терең үңүлүп кирип, сабакты кандай өткөндүгүн өзүнө моделдештирип берүү менен эле токтоп калбай чын дилден мугалим менен биргеликте аны андан ары өнүктүрүү үчүн албан аракет кылыш керек. Ошондуктан сабактарды талдоонун майнабы да, максаты да дал ушул жерде болуп жатпайбы.

Өз сабагын өзү талдоодо болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй суроолорго жооп берилиши керек.

1. Артка кайрылып, сабактын этаптарына көнүл бөлүп, анын элементтерин дыкаттык менен карап чыгып баары аткарылдыбы өзүңүз баалаңыз. Сабагыңыз ырааттуу өттүбү купулуңузга толдубу? Пландалган максаттарга жете алдынызбы? Канчалык деңгээлде максаттарга жете алдыныз? Иштелип, ойлонулуп даярдалган пландан четтеп кеткен жоксузбу? Окуучуларыңыздын билим алууга болгон кызыгуусун өөрчүтө алдыңызбы? Алардын өз алдынчалыгын жана активдүүлүгүн, кызыгуусун, жоопкечилигин жогорулатуу үчүн кандай аракеттерди иштеп чыктыңыз? Окуучулар өтүлгөн жаңы материалды өздөштүрө алдыбы?

2. Сабакта сиздин жана окуучулардын ишмердүүлүгү кандай уюштурулду. Окуучулардын алдына кандай проблемаларды койдуңуз? Класста өтүлгөн сабактын кайсы элементтери өтө ийгиликтүү жана жеткиликтүү өттү? Коюлган проблема окуучулардын кызыгуусун арттыра алдыбы?

3. Сабактын кайсы элементтери жетишээрлик өтө ийгиликтүү болду? Окуучуларды муютуп кызыктыра алдыбы? Эмнелери менен жана кандайча? Сабактагы жаңы ачылыш катары эмнени эсептөөгө болот?

4. Сабакка окуучулар жоопкерчиликтүү, жандуу, активдүү катыша алыштыбы? Демилге көрсөтө алыштыбы? Сабактын планын түзүүдө, аны уютурууда сабактын мазмунун, дагы колдонулган методдорду башкача кантип жакшыртууга болоор эле? Окуучулар интенсивдүү иштей алыштыбы?

5. Сабак мезгилиндеги окуучулардын сабакка болгон ыңгайлуулугуна (комфорттуулугуна) баа бериңиз. Окуучуларга өтүлгөн сабактагы жаңы материалды өздөштүрүү кандай деңгээлде болду? Окуучулар сабакка кандай мамиле жасашты?

6. Окуучулардын сабакта катышкан активдүүлүгү акыйкат бааландыбы? Коюлган баалоо иштери окуучулардын окуп үйрөнүү иш аракетин активдештирүүгө стимул (түрткү) боло алдыбы?

7. Түзүлүп, даярдалган план сабакты ийгиликтүү, натыйжалуу өткөрүү үчүн кандай деңгээлде пайдалуу болду? Пландаштырылгандардын бардыгы ишке аштыбы?

8. Үйгө берилген тапшырма окуучулар үчүн түшүнүктүү, жеткиликтүү болдубу? Эмки сабакта өтүлө турган жаңы темага карата багыт берилдиби? Пландалгандардын бардыгы аткарылдыбы?

9. Эмнелер ишке ашпай калды? Кайсыларга түзөтүү киргизүү керек? Эмнелерди андан ары өркүндөтүп өнүктүрүш керек?

**3. Сабактын негизги этаптарын анализдеп баалоо**

Сабактын негизги этаптарын баалоонун максаты:

- сабактын негизги этаптарын аныктоо;
- аныкталган этаптардын мазмундук өзгөчөлүктөрүн жана максатын талдоо;
- сабакты психологиялык, педагогикалык, методикалык жактан баалоо;
- баалоонун критерийлерин иштеп чыгуу.

Бирок бул максаттарга жетүү үчүн мугалим сабактын ар бир этабын так, туура пландап, андан соң аны тыкан талдап, турушу керек. Сабак - бул окутуу процессинин негизги формасы, ал мугалим менен окуучунун биргелешкен өз ара максаттуу, ыраатуу иш-аракетин тастыктайт. Ар бир сабактын ийгиликтүүлүгү, натыйжалуулугу, анын планынын түзүлүшүнө, этаптарына жана мугалимдин компетенттүүлүгүнө, методикалык жактан чеберчилигине байланыштуу. Сабакты анализдөө - бул окутуу процессинин сапатын жогорулатуу үчүн жүргүзүлүүчү рефлексиялык жана методикалык иш-аракет экендигин жогоруда белгиледик. Сабакты анализдөө жана баалоо — бул окутуу процессинин сапатын жогорулатуудагы маанилүү звено болуп эсептелет.

**Сабактын негизги этаптары**

Өтүлүп жаткан сабактын ар бир этабы – бул окутуу процессинин бүтүн бир маанилүү компоненттеринин бири болуп эсептелет. Этаптардын туура пландарылышы, уюштурулушу сабактын максатына, ийгиликке жетишин камсыздайт, ошондуктан мугалим ар бир бөлүктүн, этаптын түзүлүшүн, натыйжалуулугун терең талдап турушу зарыл. Математика сабагы бөлөк прелметтер сыяктуу эле бир нече этаптан турат.

Математика – бул логикалык ой жүгүртүүнүн, анализ менен синтездин, тактыктын жана системалуулуктун илими. Негизи эле математика сабактары окуучуларды тактыкка, ооз эки эсептөөлөрүн өстүрүүгө, ой өрүшүн кеңейтүүгө, ойлонуу маданиятын калыптандырууга, далилдүү пикир айтууга жана маселени чыгарууда ырааттуу иш алып барууга үйрөтөт. Математика сабактарын анализдөөдө ар бир этаптагы методикалык чечимдерге, окуучулардын активдүүлүгүнө, кызыгуусуна, алган билимине, билгичтигине, көндүмдөрүнө,

акыл жөндөмдүүлүгүнө, логикалык ой жүгүртүүсүнө, ой өрүшүнүн өнүктүрүлүшүнө, өз алдынча иштөөсүнө жана окутуунун натыйжалуулугуна өзгөчө көңүл буруу керек.
Ар бир сабак, анын түрүнө жана максатына жараша, төмөнкү негизги этаптардан турат:
Ар бир этап өзүнчө мааниге ээ жана бирин-бири толуктап турат.

Сабактын 1-этабы: Сабактын башталышын уюштуруу.

Сабактын башталышын уюштурууда мугалим окуучуларды сабакка даярдайт. Математика сабагында бул этап өзгөчө маанилүү, анткени окуучуларды активдүү эмгек кылууга даярдоо зарыл.
Анализдөөдө мугалим өзүнө төмөнкү суроолорду бере алат:

- Сабак өз убагында башталдыбы?
- Класс сабакка даярбы?
- Сабактын темасы жана максаты окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша
- даана, так айтылдыбы?
- Кандай кызыктуу суроолор, ыкмалар колдонулду?

Сабактын 2-этабы: Үй тапшырмасын текшерүү.

Бул этап өтүлгөн сабакты эске салуу ошондой эле өтүлө турган жаңы теманы өтүүгө карата кызмат кылат.
Математика сабагында үй тапшырмасын текшерүүдө мугалим төмөнкүлөрдү эске алышы керек:

- үй тапшырмасынын мазмуну окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкпы?
- окуучулар сабакка активдүү, жоопкерчиликтүү катыштыбы?
- үй тапшырмасын бардык окуучулар туура аң сезимдүү аткардыбы?
- кайсы окуучулар теманы жакшы өздөштүрдү, кайсылары кыйналды?
- окуучулардын билимдериндеги кемчиликтерди жоюу үчүн кандай түшүндүрмө иштери жүргүзүлдү?

Бул этаптын анализи мугалимге окуучулардын даярдык деңгээлин аныктоого жана кийинки өтүлө турган сабакта эмнеге көңүл буруу керектигин билүүгө жардам берет.

Сабактын 3-этабы: Мурунку сабактарда өтүлгөн, алар өздөштүргөн билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү текшерүү.

Бул этапта мугалим төмөнкүлөргө көңүл буруусу керек:

- мурда өтүлгөн темалар боюнча окуучулардын билим, билгичтик, көндүмдөрү талапка жооп береби?
- үй тапшырмасын бардык окуучулар аткарганбы?
- үй тапшырмасын бардык окуучулар туура, аң сезимдүү, жоопкерчилик менен аткарганбы?
- маселе, мисал чыгарууда чыгаруунун рационалдык жолдорун колдоно алганбы?
- окуучулардын суроолоруна комментария берилдиби?

Бул этаптын анализи мугалимге окуучулардын мурдакы өтүлгөн сабак боюнча билим сапатын, түшүнүгүн, даярдыгын, сабакка болгон кызыгуусун аныктоого жардам берет.

Сабактын 4-этабы: Окуучуларды жаңы темага даярдоо.

Бул сабактын эң маанилүү жана эң керектүү бөлүгү. Мугалим жүрүп жаткан сабак процессинин бул этабында жаңы аныктамаларды, түшүнүктөрдү, формулаларды, теоремаларды, жана эсептөөлөрдүн алгоритмдерин түшүндүрөт.
Анализдөөдө эске алынуучу жагдайлар:

- жаңы материалдын максаты, практикалык мааниси көрсөтүлдүбү?
- мурунку билимдер менен жаңы материалдын логикалык байланышы болдубу?
- мугалим түшүндүрүүдө мисалдарды жетиштүү жана түшүнүктүү келтирдиби?
- окуучуларды теманы толук өздөштүрүүгө, ага кызыктырууга, көрсөтмө берилдиби? визуалдык каражаттар ( оюндар, такта, слайд, геометриялык фигуралар, интерактивдүү доска) колдонулдубу?
- түшүндүрүүдө окуучуларга ой жүгүртүү, ой өрүшүн кеңейтүү мүмкүнчүлүгү берилдиби?

Сабактын 5-этабы: Жаңы теманы өздөштүрүү, аларга жаңы тема боюнча түшүнүктөрдү калыптандыруу.

Бул этапта окуучулар жаңы материалды колдонуп, башкача айтканда формулаларды колдонуу менен мисалдарды чыгарып практикалык көндүмдөрдү калыптандырат.

Анализдөө суроолору:

- берилген тапшырмалар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келеби?
- тапшырмалар жаңы материалды толук өздөштүрүүгө жардам береби?
- индивидуалдык, жуптук, топтук, иштер колдонулдубу?
- өз алдынча иштер берилдиби?
- мугалим окуучулардын иштерин өз убагында көзөмөлдөп турдубу?
- мугалим тарабынан каталар боюнча түшүндүрмө берилдиби?

Бул этапта мугалим окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, өз алдынча иштөө, формуланы колдоно билүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурушу керек.

Сабактын 6-этабы: Окуучулардын жаңы өтүлгөн билимдер боюнча түшүнүктөрүн текшерүү.

Бул этапта окуучулар түшүнүктөрдүн, аныктамалардын, теоремалардын закондордун арасындагы байланыштар, карым-катнаштар жөнүндө аң сезимдүү маалымат алышат.

Анализдөө суроолору:

- окуучулар билимдерди сезимталдуу өздөштүрүштүбү?
- өтүлгөн темадагы түшүнүктөрдү так өздөштүрө алыштыбы?
- ойлонуу активдүүлүгүн жогорулатуучу суроолор берилдиби?
- теориялык билимдерин практика менен айкалыштыра алыштыбы?

Бул этапта мугалим окуучулардын маселе, мисалдарды чыгарышына, берилген суроолорго так, даана жооп беришине, ой жүгүртүүсүнө, өз алдынча иштөөсүнө, классташтарына жардам берүүсүнө көңүл бурушу керек.

Сабактын 7-этабы: Өтүлгөн теманы бышыктоо же өтүлгөн темага кайра кайрылуу.

Бул этапта окуучулар жаңы материалды эстерине сактап гана тим болбостон, аларды активдүү колдонуп практикалык жөндөмдөрүн калыптапдырат.

Мисалга алсак, жаңы өтүлгөн темадагы формуланы колдонуп, мисалдарды чыгарышат же теореманы далилдешет.

Анализдөө суроолору:

- жаңы материал боюнча окуучулар арасында өз алдынча иштөө уюштурулдубу?
- теманы бышыктоонун ар түрлүү ыкмалары, методдору жана формалары пайдаланылдыбы?
- мугалим окуучулардын аткарып жаткан иштерине өз убагында көңүл бурдубу?
- Бышыктоо мезгилигде кетирилген  каталар боюнча түшүндүрмө берилдиби?

Сабактын 8-этабы:Үйгө тапшырма берүү.
Бул этап — окуучуларды өз алдынча иштөөгө, үй тапшырмасына жоопкечиликтүү мамиле жасоого багыттайт.

Математика сабагында үй тапшырмасынын көлөмү жана мазмуну балдардын мүмкүнчүлүгүнө жараша тандалышы керек.
Анализдөөдө мугалим төмөндөгүдөй суроолорго жооп издейт:

- үй тапшырмасын аткаруунун методикасы түшүндүрүлүп инструктаж берилдиби?
- үй тапшырма боюнча информация берилдиби?
- тапшырма окуучулар үчүн түшүнүктүү болдубу?
- үй тапшырмасынын көлөмү окуучуларды тажатып жибербейби?
- өз алдынча чыгармачылык элемент камтылдыбы?

Сабактын 9-этабы: Сабакты жыйынтыктоо жана рефлекция
Сабакты жыйынтыктоо-бул сабак учурунда окуучулар кандай иштерди иштегендигин санап чыгууда эмес, алар эмнелерди өздөштүргөндүгүн аныктоо болуп саналат. Бул бөлүк сабактын акыркы жана маанилүү жыйынтыгы болуп эсептелет.
Математика сабагында рефлексия аркылуу окуучулар өз ишине өзүлөрү баа берип, түшүнгөн жана түшүнбөгөн жактарын талдайт жана түшүнүүгө аракет жасайт.
Анализдөөдө каралуучу суроолор:

- Өтүлгөн сабак максатына жеттиби?
- Окуучулар жаңы билимди өздөштүрө алыштыбы?
- Сабактын жыйынтыгы боюнча кандай ой-пикирлер айтылды?
- Сабактын жалпы көрүнүшү кандай болду?

Ар бир мугалим өтүлгөн сабактын ар бир этабы боюнча төмөндөгүдөй суроолорго даяр болуш керек.
**1. Сабактын** ар бир этабы дидактикалык кандай милдеттерди аткарат?
2. Этаптын мазмуну кандай?
**3. Сабактын** ар бир этабынын дидактикалык милдеттеринин аткарылыш көрсөткүчтөрү кандай?
4. Негизги этаптар боюнча берилген суроолорго жоопторду карайлы.
**Дидактикалык милдети:**
Окуучуларды сабакка активдүү катышууга жана эмгектенүүгө даярдык көрүү.
**Этаптын мазмуну:**

- өз ара саламдашуу, сабакка келбей калган окуучуларды белгилөө;
- класстын жалпы абалын текшерүү ;
- сабакка керектүү курал-жабдыктарды даярдоо;
- окуучуларды сабакка даярдоо;
- көңүлдү сабакка бурдуруу.

**Ийгиликтүү натыйжаларга жетүү шарттары:**

- мугалимдин талап коё билиши, токтоолугу, мээримдүүлүгү, тыкандыгы жыйнактуулугу, окуучу менен мугалим ортосундагы кызматташтыгы;
- сабактын так, кыска түшүнүктүү кылып түшүндүрүлүшү.

**Дидактикалык милдеттердин аткарылышынын көрсөкүчтөрү:**

- сабакка даярдык көрүү учурундагы оперативдүүлүк;
- сабактын жабдылышынын толуктугу,

- окуучуларды сабакка ыкчам уюштуруусу,
- окуучуларга көнүлдүү ыңгай түзүүсү.

Бул жооптор сабактын 1- этабы боюнча гана берилди.

**4. Сабакты психологиялык-педагогикалык жактан комплекстүү талдоо**

**Комплекстүү талдоо** дегенде сабакты бир гана методикалык жактан эмес, ошондой эле психологиялык, дидактикалык жана тарбиялык аспекттерден кароо түшүнүлөт. Математика сабагы үчүн мындай талдоо өзгөчө маанилүү, анткени математика окуучунун логикалык ой жүгүртүүсүн, эс тутумун, көңүлүн жана абстракттуу түшүнүү жөндөмүн активдүү өнүктүрөт. Мындай анализдин негизинде мугалимдин жалпы педагогикалык, дидактикалык, методикалык компетенттүүлүгү, конкреттүү класстагы окуучулардын интеллектуалдык өнүгүшү, окуу ишмердүүлүгү, окуу процессиндеги жаңычыл табылгалар жана ошондой эле орун алган орчундуу педагогикалык жаңылыштыктар, кемчиликтер тууралуу кеңири маалымат алууга болот.

**5. Комплекстүү психологиялык-педагогикалык жактан комплекстүү талдоонун болжолдуу схемасы**

1. Илимийлүүлүк. 2. Проблемалуулук. 3. Корсөтмөлүүлүк. 4. Аң сезимдүүлүк жана активдүүлүк. 5. Жеткиликтүүлүк. 6. Системалуулук жана ырааттуулук. 7. Билим, билгичтик жана көндүмдөрдү бекем өздөштүрүү. 8. Окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү. 9. Тарбиялоо.ж.б.у.с.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Айтпаева Г.К. *Педагогикалык анализ жана сабактын түзүлүшү.* – Бишкек: КР Билим берүү академиясы, 2020. – 124 б.
2. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы – Бишкек: “Бийиктик” басмасы: 2011.
3. Бекбоев К. *Математика сабактарын окутуунун методикасы*. – Бишкек: 2021. – 98 б
4. Бекбоева Т. А. Барабарсыздыктар жана барабарсыздыктар системасы сабагын даярдап өткөрүү технологиясы //И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы – Бишкек: “Вестник” №2/1, 2024. – 345-354
5. Бейшеналиева С. *Окутуунун психологиялык негиздери.* – Бишкек: Турар, 2019. – 156 б.
6. Сластёнин В.А. *Педагогика.* – Москва: Академия, 2018. – 512 с.


**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, и.о. доцента Ажымамбетова Г.И.**